Буйрук № 968
11.08.2022

**Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо системасынын уюмдарын медициналык спирт менен камсыз кылуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 8-июлундагы № 222 «Этил спиртин өндүрүүгө, сактоого жана сатууга 100% мамлекеттик монополияны киргизүү боюнча кечиктирилгис чаралар жөнүндө» Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 19-апрелиндеги № 167 «Саламаттык сактоо, билим берүү жана социалдык камсыздоо уюмдары үчүн этил спиртин керектөөнүн стандарттары жана аны дарылоо-алдын алуу уюмдарында жана дарыканаларда жүгүртүүнүн тартиби жөнүндө» токтомун, ошондой эле 2022-жылдын 27-июлундагы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары менен болгон жолугушуунун протоколун аткаруу максатында, этил спиртин өндүрүү, ташып келүү, сактоо жана сатуу чөйрөсүндө натыйжалуу мамлекеттик жөнгө салуу максатында **буйрук кылам:**

1. Бишкек шаарынын жана облустардын саламаттык сактоо координаторлору (А.С. Ибраимов, Б.К. Мамытова, Ч.Н. Нарынбеков, Б.А. Жайламышева, А.Э. Шамбетова, А.К. Борубеков, Ш.Т. Абдурахманов, З.Ч. Орунбаева), Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилери:

1.1. мамлекеттик ыйгарым укуктуу орган тарабынан бөлүнгөн 2022-жылга бекитилген квотага ылайык этил спиртин жеткирүүгө «Кара-Балта спирт заводу» мамлекеттик ишканасы (мындан ары - «Кара-Балта спирт заводу» МИ) менен келишимдерди түзүүнү камсыз кылсын;

Мөөнөтү: 2022-жылдын 25-августуна чейин

1.2. түзүлгөн келишимдер боюнча аткарылган иштер жөнүндө Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Дары каражаттар жана медициналык буюмдар департаментине (мындан ары - ДКжМБД) маалымат берсин;

Мөөнөтү: 2022-жылдын 1-сентябрына чейин

1.3. 2011-жылдын 10-июнундагы № 301 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому тарабынан бекитилүүчү «Медициналык, ветеринардык, техникалык жана башка максаттарда пайдаланылуучу этил спиртин сатып алуунун тартиби жөнүндө жобонун» 6-тиркемесине ылайык форма боюнча квартал сайын этил спиртин пайдалануу боюнча отчетту ДКжМБД берилсин, кийинки отчеттук мөөнөткө чейин, ар бир айдын 15-нен кеч эмес;

1.4. саламаттыкты сактоо уюмдарынын этил спиртине болгон керектөөлөрүн аныктоодо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 19-апрелиндеги №167 «Саламаттык сактоо, билим берүү жана социалдык камсыздоо уюмдары үчүн этил спиртин колдонуунун нормативдери жөнүндө жана аны дарылоо-алдын алуу уюмдарында жана дарыкана мекемелеринде пайдалануунун тартиби жөнүндө» токтому менен бекитилген этил спиртин алуу үчүн эсептөөлөрдү жүргүзүүнүн жана өтүнмөлөрдү берүүнүн Тартибин менен жана ченемдерин жетекчиликке алуу керек.

2. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Дары-дармек жана медициналык багыттагы буюмдар департаментинин директору (Кагаздиев Н.М.):

2.1. 2022-жылдын 1-декабрына чейинки мөөнөттө берилген эсептелген маалыматтарга жана ченемдерге ылайык квотаны бекитүү үчүн саламаттык сактоо уюмдарынын этил спиртине болгон муктаждыктары жөнүндө зарыл маалыматтардын топтомун жүргүзсүн;

2.2. саламаттык сактоо уюмдарында «Кара-Балта спирт заводу» мамлекеттик ишканасы менен этил спиртин жеткирүү боюнча келишимдердин өз убагында түзүлүшүнө, ошондой эле саламаттык сактоо уюмдарынын этил спиртин максаттуу пайдаланылышына керегине жараша көзөмөл жүргүзүү;

2.3. медициналык-профилактикалык уюмдарда, дарыкана мекемелеринде медициналык спиртти колдонууга, сактоо шарттарын аткарууга, эсепке алуунун тууралыгына жана спирт жөнүндө отчеттук маалыматтардын ишенимдүүлүгүнө жоопту саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерин окутууну жүргүзүү;

2.4. дарылоо-алдын алуучу уюмдарда, дарыкана мекемелеринде, дары каражаттарын өндүрүүчү ишканаларда этил спиртин колдонууга, аны сактоо шарттарынын сакталышына, эсепке алуунун тууралыгына жана отчеттук маалыматтардын аныктыгына көзөмөл жүргүзүү ДКжМБД планына ылайык көзөмөл жүргүзүү.

3. Саламаттыкты сактоо уюмдарынын жетекчилери «Кара-Балта спирт заводу» мамлекеттик ишканасы менен келишимдин түзүлүшү жана этил спиртин туура даярдоо, сактоо, эсепке алуу жана чыгаруу, ошондой эле бөлүнгөн квоталарды максаттуу пайдаланууну контролдоо үчүн түздөн-түз жеке жоопкерчиликтүү болушат.

4. Учурдагы буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө иши министрдин орун басары У.А. Садыковго жүктөлсүн.

**Об обеспечении организаций системы здравоохранения Кыргызской Республики медицинским спиртом**

Во исполнение Указа Президента Кыргызской Республики «О неотложных мерах по введению стопроцентной госудасртвенной монополии на производство, хранение и реализацию этилового спирта» от 8 июля 2022г. №222, постановления Правительства Кыргызской Республики «О нормативах потребления спирта этилового для организаций здравоохранения, образования и социального обеспечения и о порядке его обращения в лечебно-профилактических организациях и аптечных учреждениях» от 19 апреля 2011 года №167, а также Протокола совещания у заместителя Председателя Кабинета Министров Кыргызской Республики от 27 июля 2022г., в целях эффективного государственного регулирования в сфере производства, импорта, хранения и реализации этилового спирта, **приказываю:**

1. координаторам здравоохранения г. Бишкек и областей (Ибраимов А.С., Мамытова Б.К., Нарынбеков Ч.Н., Жайламышева Б.А., Шамбетова А.Э., Борубеков А:К., Абдурахманов Ш.Т., Орунбаева З.Ч.), руководителям организаций здравоохранения Кыргызской Республики:

1.1. обеспечить заключение договоров с государственным предприятием «Кара-Балтинский спиртовый завод» (далее – ГП «Кара-Балтинский спиртовый завод») на поставку этилового спирта согласно утвержденных квот на 2022 год, выделенных государственным уполномоченным органом;

Срок: до 25 августа 2022 года.

1.2. информировать Департамент лекарственных средств и медицинских изделий при Министерстве здравоохранения Кыргызской Республики (далее – ДЛС и МИ) о проведенной работе по заключенным договорам;

Срок: до 1 сентября 2022г.

1.3. представлять в ДЛС и МИ ежеквартальный отчет об использовании этилового спирта, по форме согласно приложению 6 «Положения о порядке закупки этилового спирта, используемого в медицинских, ветеринарных, технических и иных целях», утвержденного постановлением Правительства Кыргызской Республики №301 от 10 июня 2011 года, сроком не позднее 15 числа каждого месяца, следующего за отчетным периодом.

1.4. при определении потребности организаций здравоохранения в этиловом спирте следует руководствоваться Порядком проведения расчетов и предоставления заявок на получение спирта этилового и нормативами, утвержденными ППКР «О нормативах потребления спирта этилового для организаций здравоохранения, образования и социального обеспечения и о порядке его обращения в лечебно-профилактических организациях и аптечных учреждениях» от 19 апреля 2011 года №167.

2. Директору департамента лекарственных средств и медицинских изделий при Министерстве здравоохранения Кыргызской Республики (Кагаздиев Н.М.):

2.1. до 1 декабря 2022 года осуществлять свод необходимых данных потребности организаций здравоохранения в этиловом спирте для утверждения квоты, согласно представленных расчетных данных и нормативов;

2.2. осуществлять контроль за организациями здравоохранения по своевременному заключению договоров с ГП «Кара-Балтинский спиртовый завод» на поставку этилового спирта, а также за целевым использованием этилового спирта в организациях здравоохранения, по мере необходимости

2.3. провести обучение сотрудников организаций здравоохранения, ответственных по использованию медицинского спирта, соблюдению условий хранения, правильности ведения учета и достоверности представляемых отчетных данных по спирту в лечебно-профилактических организациях, аптечных учреждениях;

2.4. проводить регулярный контроль за использованием этилового спирта, соблюдением условий его хранения, правильности ведения учета и достоверности представляемых отчетных данных в лечебно-профилактических организациях, аптечных учреждениях, на предприятиях-производителях лекарственных средств согласно плану ДЛСиМИ.

3. Руководители организаций здравоохранения непосредственно несут персональную ответственность за заключение договора с ГП «Кара-Балтинский спиртовый завод» и правильность назначения, хранения, учета и отпуска этилового спирта, а также контроль за целевым использованием выделенных квот.

4. Контроль за выполнением настоящего приказа возложить на заместителя министра У.А. Садыкова.

**Временно исполняющий обязанности министра** **Ж.О. Касымбеков**